# ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ДҮЙНӨНҮН ТИЛДИК КАРТИНАСЫ

**АБДРАЗАКОВА ГҮЛМИРА**
*ф.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун доцентинин м.а.*

Белгилүү болгондой, коом дайыма өзгөрүп, өнүгүп жана тынымсыз кыймылда болуп турат. Ар түрдүү тарыхый мезгилдерде жашап, ар түрдүү маданиятка ээ болгон элдер өздөрүнүн жашоо шарттарына ылайык дүйнөнү жеке таасирлерине жана билимдерине таянуу аркылуу өз алдынча аңдап, өздөштүрүү менен дүйнө картинасын түзүшөт.

Адамзат жараткан ар би рцивилизация, социалдык система дүйнөнү өз алдынча өздөштүрүүчү өзгөчө ыкма менен сүрөттөлөт.

Өткөн коомдун маданиятынын негизги түшүнүктөрү, концепттери адамдардын тажрыйбалуу иш аракеттеринде, б.а., үрп-адат, каада-салттардын контекстинде калыптанат. Ал эми социалдык экономикалык өнүгүүнүн белгилүү баскычы, коомдук мамилелер, адамдардын курчап турган чөйрөдөн бөлүнүшү дүйнөнү аңдап өздөштүрүү ыкмасы менен дал келет. Башкача айтканда, алар коомдук практиканы чагылдырышат жана ага таасир тийгизип дүйнө картинасынын түрлөрүн түзүүгө ыңгайлашып турат. Дүйнө картинасы адамдардын материалдуу дүйнө менен рухий дүйнөсү узакка созулган тарыхый мезгилдин ичинде өздөштүрүүсүнүн натыйжасында келип чыккан көз караш. Белгилүү адабият сынчысы Г.Д.Гачев ушуга байланыштуу мындай деп жазат: «Жалпы элдин баары ачык асмандын, күн менен айдын астында жашап, ар кайсы жерде көчүп конуп, отурукташып тарыхы менен тиричилиги ар түрдүүчө болгон, бүтүндөй бир дүйнөлүк тарыхый процессте биригишкен, б.а. алар ар түрдүү катмарлардан пайда болушкан. А мунун баалуулугу жалпы эл үчүн кандай гана байланышта болбосун туура келип тургандыгында. Ушул өзгөчө түзүлүштөр жалпы эле бардык эл үчүн дүйнөнүн улуттук моделин, улуттук образынын элементтерин түзүшөт» [1, 78].

Адамдар табият чөйрөсүндө жашоо менен өздөрүнүн тарыхын жаратышат. Токой тоолор, мөңгү чөлдөр, ыңгайлуу климат, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү жашоо образын, эмгектенүүнүн түрлөрүн жана дүйнө картинасын алдын ала аныктайт. Буга Манас эпосунда чагылдырылган дүйнө картинасы ачык күбө. Эпостогу дүйнө катинасын концептуалдуу реконструкциялоо эң алды, ушундай көз карашты түзгөн элементтердин көп түрдүүлүгүн, ал тургай «Манастагы» дүйнө картинасы деп мезгил менен мейкиндик, тагдыр, өмүр, адам жана табият тууралуу кенен түшүнүктөрдүн мазмун жана бүтүндүгүн, ажырагыс биримдигин көрсөтөт.

Дүйнө картинасы – объективдүү чындык, жашоо жөнүндөгү ой-бүтүмдөрдүн жалпы системасы. Эгерде дүйнө адам жана чөйрө, чындык, алардын бири-бири менен болгон карым-катнашы болсо, дүйнөнүн картинасы адам жана чөйрө жөнүндөгү маалыматтарды иштеп чыгуунун жыйынтыгы болуп эсептелет. Дүйнөнүн картинасы бул анын күзгүдөй чагылдырылышы эмес, бир-биринен айырмаланган субъектилер аркылуу ишке ашкан дүйнө жөнүндөгү бир канча түшүндүрүүлөр. М.Хайдаггер мындай деп адилет белгилейт: «Картина» деген сөздү баарынан мурда кандайдыр бир нерсенин чагылдырылышы деп ойлойбуз, ал эми дүйнөнүн картинасы деген негизги түшүнүк дүйнөнү чагылдырган сүрөт эмес, анын өзүн бүтүндөй картина катары кабылдай турган түшүнүк» [2,192].

«Дүйнөнү таануу», «дүйнөнү кабылдоо», «дүйнөнү түзүү», «дүйнөнү түшүнүү» терминдери аң-сезимдештирүү менен тыгыз байланышкан. Тагыраак айтканда, адамдын объективдүү көрүнүштөрдү, чындыкты кабылдоосу, элестөөлөрү жана эмоциялары анын аң-сезиминде «дүйнө картинасы» түшүнүгүн жаратат. Адамдын а-сезими аркылуу ишке ашкан бул кенен түшүнүк модель, курчап турган дүйнө жөнүндөгү адамдардын тажрыйбасынан улам жыйналган жалпы билимдердин, мазмундуу түшүнүктөрдүн жыйындысы болуп саналат.

Объективдүү дүйнөнү чагылдырууда адам таанып-билүүнүн жыйынтыктарын

тилдик каражаттар аркылуу берет. Тилдик форма аркылуу берилген мындай билимдердин жыйындысы дүйнөнүн тилдик картинасын билдирет. Дүйнөнүн тилдик картинасы деп адамдын дүйнө жөнүндөгү элестөөлөрүн түшүнүүгө болот. Дүйнөнүн тилдик картинасынын структуралык бөлүгүндөгү негизги орунду жалпы маданияттын негизги концепттери ээлейт.

Бизди курчап турган дүйнөдөгү таанып билүү мүмкүнчүлүгү адамдын тилге таянуу жөндөмдүүлүгү аркылуу ишке ашат. Биз башкаларга өз тажрыйбабызды өткөрөөрдүн, өзүбүздүн баабызды жана ынануубузду билдирердин алдында нерселердин, көрүнүштөрдүн маңызын жана алардын өз ара мамилелерин биздин аң-сезимибиздеги фактыларга айландыруу менен тилдин катышуусунда дүйнөнү бөлүктөргө бөлөбүз жана сегменттештиребиз.

Адамдын сырткы дүйнөнү таанып билүү процесси практикалык ишмердүүлүккө негизделген нерселер менен кубулуштардын концептуалдык схемаларын жана категорияларын өз ичине камтыйт. Адам болмушта багыт алуу үчүн нерселерди жана кубулуштарды өзүнө ылайыкташтыруу үчүн, ириде, аларды өзгөчөлүктөрүнө жараша классификациядан өткөрөт, бирдиктүү дүйнөнү бөлүктөргө ажыратат. Тилдин ролу нерселерди, көрүнүштөрдү бөлүктөргө бөлүштүрүү менен гана чектелбейт. Ошондой эле тилдин түздөн-түз катышуусу менен сырткы нерселердин, кубулуштардын түпкү маанилерине жараша бирдиктүү топторго топтоо классификациясы да ишке ашат.

Адам нерсени атоо менен аны ойдун предметине айландырат. Нерселер өзүлөрүнүн аталышы аркылуу теоретикалаштырылган чөйрөгө айланат жана сырткы гана көрүнүш катары кабылдоодон калат. Ал ойдогу көп түрдүүлүктүн бүтүндүгү катары жашоо менен акыл эмгегинин айрым структурасын жаратат. Нерселерди атоо менен, айрым мааниде алганда анын кыймылын токтотобуз, ага таянуу аркылуу аны кыймылсыз абалга дуушар кылабыз. Нерсени атоо ички бирдиктүүлүккө ээ болгон башка нерселерге аны окшоштуруп табууга алып келет. Бирок, нерсенин аталышы, эң оболу, анын өзү менен өзү төп келерин туюндурат.

Ошентип дүйнөнүн тилдик картинасынын жаралышы универсалдуу көрүнүш жана адамдын аң-сезиминдеги ишке ашкан көптөгөн процесстердин жыйынтыгы. Башкача айтканда «дүйнөнүн тилдик картинасы – бул белгилүү бир элдин дүйнөнү чагылдыруусу менен байланышкан тилдик каражаттардын системасы, белгилүү доордогу, белгилүү бир элдин чындык жөнүндөгү таанып билүүлөрүнүн, алардын тилдик бирдиктер аркылуу берилишинин жыйындысы. Тилдик каражаттардын аткарган кызматы, бардыгынан мурда, чындык жөнүндө маалыматты этникалык көзкараштар менен байланыштырат. Ошондуктан чындык бардык эле адамдарга бирдей таасир этет. Ал эми аны кабылдоо, өздөштүрүү ар бир элдин өзгөчөлүгү, жашоо шарты, жөндөмдүүлүгү менен шартташкан. Коомдогу ар бир тил дүйнөнүөзүнүнөзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүштүрөт. Белгилүү бир тилдин өзүнө тиешелүүөзгөчөлүктөрү бар. Башкача айтканда, белгилүү бир тилдин негизинде дүйнөнүн картинасы же модели жатат жана баяндоочу айтымдын мазмунун ушул моделге ылайык уюштурууга милдеттүү. Ошондой эле белгилүү бир элдин өзүнө мүнөздүү болгон дүйнөнүн модели жалпы, универсалдуу мүнөздөргө да баш иет» [3, 62-63].

Дүйнөнүн кыргыз тилдик картинасы дүйнө жана адам тууралуу позитивдүү билимдердин негизинде жаралган жана адамдарды рухий караңгылыктан чыгаруу процесси менен өтө тыгыз байланышта өнүгүп, коомдун алга жылуусу үчүн зор мааниге ээ болгон. Элибиздин дүйнөгө байланыштуу түшүнүктөрү, моделдери, элестөөлөрү негизинен мифтерде, диний ишенимдеринде, акындар поэзиясында, айрыкча элдик оозеки чыгармачылыкта ачык туюнтулат. Кыргыз эли элдик эпосторго, дастандарга, ырларга, жомокторго, макал-ылакаптарга ж.б. өтө бай, алардын көпчүлүгү дүйнөгө байланыштуу ойлор менен терең сугарылган.

Деген менен кыргыз элинин дүйнөгө байланыштуу тилдик картинасы акындар поэзиясында жеткиликтүү берилген. Алардын ырларында, дастандарында айлана-чөйрөгө,

ааламга, жаратылышка, коомго, адамга байланыштуу ойлор арбын кездешет. Булар болсо ар кыл түшүнүктөрдөн, концепттерден туруп, акындардын чыгармаларындагы дүйнөнүн тилдик картинасын билдирет. Мында Токтогулдун «дүйнө» концептин чагылдырган ырларынын орду чоң.

Албетте, акындар поэзиясында, мунун ичинен Токтогулдун чыгармаларында дүйнөгө болгон көз караш абстрактуу-теориялык жалпылоонун жардамы аркылуу эмес, көркөм образдарда, конкреттүү формада туюнтулат. Н.А.Добролюбов сүрөткердин дүйнөгө болгон көз карашы жөнүндө мындай деп белгилеген: «Эгерде мына ушул дүйнө туюмду белгилүү бир логикалык ыраатка жана аны белгилүү бир формулага салууга аракет жасасак, анда ал кургак аракет болмок. …Сүрөтчүнүн талантын мүнөздөө үчүн негизги ачкыч болгон анын дүйнөгө карата жеке көз карашын ал жараткан жандуу образдардан издөө керек» [4, 220].

Токтогулдун дүйнө таануучулук көз карашында мүнөздүүөзгөчөлүк болуп (ал айрым учурда бир беткейлүүлүк, метафизикалык көз караштардын туткунунан чыгып кете албаса да) объективдүү чындыкты терең түшүнүү, реалдуу кабылдоо эсептелет. Мында «дүйнө» концептин кароо өзгөчө орунду ээлейт. Бул концепт «жаратылыш», «өмүр» ж.б. деген концепттер мененмазмундаш болуп, мына ушул тыгыз байланыш бирин-бири толуктоо аркылуу акындын дүйнө картинасын жаратуу процессинде өзүнүн мазмуну боюнча өтө зор мааниге ээ болгон.

Токтогулдун «дүйнө» концептин кандай чечмелегенин келтирүү менен, алүчүн булл логикалык жактан аныкталып, формулировкаланбаган бүтүм эмес, өзүнө бүтүндөй эле чындыкты камтыган, эч кимди шектендирип, тактоону жаратпаган кенен түшүнүк экендигин баса белгилейбиз. Акын өз чыгармаларында көп учурда «дүйнө» деген концептти колдонгон жана бул өзүнүн мааниси боюнча «объективдүү реалдуулук», «объективдүү көрүнүш» деген түшүнүктөр менен дал келген. Ал үчүн «дүйнө» - бул аалам, табият, предмет, нерселер. Дүйнөөзүнө гана мүнөздүү мыйзам ченемдүүлүктөр менен жашайт жана өнүгүүгө ээ болот. Мына ушундай чыныгы дүйнөнү кабылдоо анын «Дүнүйө», «Аккан суу», Насыят», «Санат», «үлгү ырлар», «Нускалуу ырлар» сыяктуу терең манилүү чыгармаларында ачык берилген. Аларда дүйнө картинасы объективдүү түрдө элестетилип, чыныгы дүйнө ар кандай иллюзиялуу «кошумчалоолорсуз» өзү кандай болсо, так ошондой кабылданат. Нерселер дүйнөсү адегенде пайда болгон реалдуулук катары берилет. Бардык болмуштуналгачкы башталмасы катары «аккан суу» эсептелет жана бул «жашоо тартуулаган күч» катары бүтүндөй жан-жаныбарларга таркайт:

Жадыратып жайыкка
Чөп жараткан аккан суу.
Жашыл майдан салкынга
Көк жараткан аккан суу [5, 50].

Акын дүйнөнү «өзүнүн реалдуу карама-каршылыктары жана көп түрдүүлүктөрү менен, кандай болсо дал ошондой кабылдаган» [6,18]. Анын пикирине ылайык дүйнөдө абсолюттуу тынч абалда болгон, өзгөрүлбөс, туруктуу эч нерсе жок. Дүйнө чексиз жана өз ичине көп кырдуу, көпсырдуу көрүнүштөрдү, кубулуштарды камтыйт:

Опосу жок дүйнөнүн
Түбүнө ким жетерсиң? [5, 43].

Токтогулдун ырларында берилген «дүйнө» оң коннотациялык боекко да ээ. Муну анын дүйнөнү жарыкдүйнө катары кароосу толук күбөлөйт. Акындын көз карашында дүйнөбулжашоо, жыргалчылык, бейкутчулук, жарыкчылык:

Келээриңде дүнүйө
Асмандагы күндөйсүң
Кетериңде дүнүйө

Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Келээриңде дүнүйө
Толкуп чыккан айдайсың.
Кетериңде дүнүйө
Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Келээриңде дүнүйө
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетериңде дүнүйө
Суу жетпеген кактайсың[5ң43].

«Дүйнө» концептинин өзөгү эки мааниге ажыратылат. Бул бир жагынан адам жашаган дүйнөнү билгизсе, экинчи жагынан кандайдыр бир убакытка берилген адамдын өмүрүн тастыктайт. Ушундан улам бул концептти жер планетасынын мейкиндигинин жана адам жашоосунун убактысынын чегиндеги мейкиндик жана убакыт проекциясында кароо керек. Токтогулдун көз карашына ылайык «Дүйнө» - бул адам төрөлгөндө келген жана жашоосун өткөргөн жер. Ал «төрөлүү», «жашоо», «өлүм» сыяктуу фрагменттердин жана ошондой эле башка гносеологиялык, онтологиялык концепттер менен жуурулушуп кеткен көрүнүш.

Дүйнөнүн тилдик картинасы жалпы жонунан эки дүйнөнүн (макро жана микро) карым-катышынан турат. Мындай түшүнүк түбү барып адам баласынын курчап турган айлана-чөйрөгө, табиятка карата мамилесин кабарлайт. Токтогулдун пикиринде адам дүйнөдө, табиятта жашайт. Табияттын башка конкреттүү бөлүктөрүнөн жана нерселеринен адам өзүнүн таанып билүүгө жана ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгү, эң эле жеткилең, баалуу жандык экендиги менен айырмаланат.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнөнүн тилдик картинасы – бул дүйнөнү чагылдырууну жүзөгө ашырган тилдик каражаттардын системасы. Ар бир эл өзүлөрүнө тиешелүүөзгөчөлүктөргө, жашоо шарттарга, жөндөмдүүлүктөргө жараша дүйнөнүн тилдик картинасын жараткан. Токтогулдун чыгармаларындагы дүйнөнүн тилдик картинасынын берилиши буга ачык күбө.

## Адабияттар:

1. Гачев Г.Д. О национальных картинах мира Народы Азии и Африки. – М., 1967. – №1.
2. Хайдаггер М. Разговор на проселочной дороге. – М., 1991.
3. Абдразакова Г.Ш. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын семантикасы жана текст катары уюшулушу. – Бишкек, 2011.
4. Добролюбов Н.А. Избранное. – М., 1986.
5. Сатылганов Т. Тандалмалар: Ырлар. Фрунзе, 1984.
6. Буянов В.С. Научное мировоззрение. – М., 1987.